шыктандырат. Ошентип, этнопедагогиканы мектеп тарбиясында натыйжалуу колдонуу үчүн көйгөйлөрдү так аныктап, системалуу чечүү жолдорун иштеп чыгуу зарыл. Бул стратегиялар окуучулардын руханий, маданий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө оң таасир тийгизет. Чечүү жолдору:

- окутууларды өткөрүү;
- жаңы окуу куралдарын түзүү;
- заманбап ыкмаларды колдонуу.

Кыргыз этнопедагогикасы мектеп тарбиясында уникалдуу жана маанилүү орунду ээлейт. Ал улуттук салттарды, каада-салттарды жана элдик тарбиялык тажрыйбаларды камтыйт, бул окуучулардын руханий, маданий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө шарт түзөт. Мектептеги тарбиялык процесс этнопедагогикалык принциптерге таянып, окуучуларды туура жүрүм-турумга, улууларды урматтоого, кичүүнү сыйлоого жана жоопкерчиликтүү болууга үйрөтөт. Этнопедагогиканы туура жана системалуу колдонуу аркылуу окуучу өз элинин тарыхын, маданиятын жана баалуулуктарын терең түшүнүп, өзүн коомдун активдүү жана пайдалуу мүчөсү катары сезе баштайт. Мындан тышкары, улуттук баалуулуктарды өздөштүрүү окуучуларда мекенчилдик сезимди, социалдык жоопкерчиликти жана адамгерчилик сапаттарды өнүктүрөт. Ошентип, кыргыз этнопедагогикасын мектеп тарбиясында натыйжалуу колдонуу билим берүү системасынын негизги максаттарына толук жооп берет: ал окуучуну билимдүү гана эмес, адептүү, маданияттуу жана руханий жактан бай инсан катары калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Бул жол менен мектеп тарбиясы келечектеги жарандарды коомго пайда келтире турган инсандар катары тарбиялоого салым кошот.

Колдонулган адабияттар:

1. Абдрахманов Т. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек: Илим, 2012.
2. Батурина Г.И., Кузина Т.Ф. народная педагогика в современном учебно-воспитательном процессе. – М., 2003
3. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведаний.- 2-е изд., испр. и доп.- М.: Издательский центр «Академия», 2000.-176 с. (ч/з)
4. Субаналиев С. Элдик педагогика. – Бишкек: Шам, 2010.
5. Ушинский К.Д. Адам тарбиясынын негиздери. – Москва: Педагогика, 1988.

6.Стефаненко Т. Этнопсихология. – М., 2000.

7. Тайчинов М.Г. Народные традиции и религиозная культура в воспитании учащихся. – М., 1992.

УДК: 372.8:004.4 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.519**

“АДАБИЙ ОКУУ” САБАГЫНДА STEM ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ АРКЫЛУУ “БОЗ ТОРГОЙ” АҢГЕМЕСИН ТАЛДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Акматова Чынара Асановна п.и.к.,доцент
ORCID: 0009-0009-7645-9137
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
a.chynara79@gmail.com
Мурзаканова Гулшайыр Арыковна
ORCID: 0009-0006-0448-7858
Ош Мамлекеттик педагогикалык университети
gulshaiyr.82.kg@gmail.com

ОСОБЕННОСТИ АНАЛИЗА РАССКАЗА «БОЗ ТОРГОЙ» С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ STEM-ТЕХНОЛОГИЙ НА УРОКАХ ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ

Акматова Чынара Асановна п.и.к.,доцент
ORCID: 0009-0009-7645-9137
Ошский государственный педагогичский университет
a.chynara79@gmail.com
Мурзаканова Гульшайыр Арыковна
ORCID: 0009-0006-0448-7858
Ошский государственный педагогический университет
gulshaiyr.82.kg@gmail.com

FEATURES OF ANALYZING THE STORY “BOZ TORGOI” THROUGH STEM TECHNOLOGIES IN LITERARY READING CLASSES

Akmatova Chynara Asanovna, PhD in Pedagogy
ORCID: 0009-0009-7645-9137
Osh State Pedagogical University
a.chynara79@gmail.com
Gulshaiyr A. Murzakanova
ORCID: 0009-0006-0448-7858
Osh State Pedagogical University
gulshaiyr.82.kg@gmail.com

Аннотация

Макалада Түгөлбай Сыдыкбековдун “Боз торгой” чыгармасын башталгыч класстарда инновациялык жана STEM технологияларына таянып окутуунун мүмкүнчүлүктөрү жана методикалык өзгөчөлүктөрү кеңири каралат. Заманбап билим берүүдө көркөм текстти интегративдүү, окутуунун предметтик чегинен чыгарып талдоонун зарылдыгы белгиленип, изилдөөдө STEM технологиясынын компоненттери чыгарманы талдоого интеграцияланып, окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн, табият кубулуштарын илимий түшүндүрүү жөндөмүн, инженердик моделдөө көндүмдөрүн жана логикалык ойлоосун өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү ачып берилет. Чыгармада табият кубулуштары, жаныбарлардын жашоо аракеттери, коркунуч жана коргонуу инстинкти сыяктуу образдар окуучулардын илимий байкоосун, логикалык ой жүгүртүүсүн, эмоциялык кабыл алуусун жана чыгармачыл потенциалын өнүктүрүүгө кантип шарт түзөрү негизделет. “Боз торгой” чыгармасынын мазмундук өзгөчөлүктөрү табият жана жаныбарлар дүйнөсү менен тыгыз байланышта болгондуктан, аны STEM ыкмалары аркылуу талдоо окуучуларга окуяны терең аңдап-түшүнүүгө, эмоциялык кабыл алуусун күчөтүүгө жана боорукердик сыяктуу адамдык сапаттарды калыптандырууга өбөлгө түзөрү да көрсөтүлгөн. Ошондой эле мини-мультфильм түзүү, эмоция карталары, инженердик модель жасоо сыяктуу инновациялык ыкмалардын практикалык мааниси жана педагогикалык натыйжалуулугу да талданып, башталгыч билим берүүнүн азыркы талаптарына шайкеш келери негизделет. Изилдөөнүн жыйынтыгында STEM технологиясы көркөм текстти окутууда интегративдүү, натыйжалуу жана заманбап мамиле экендиги, ал окуучуларда комплекстүү компетенциялардын калыптанышына өбөлгө түзөрү аныкталды.

Ачкыч сөздөр: *STEM технологиясы, инновациялык окутуу, башталгыч класстар, көркөм текст, боз торгой чыгармасы, инженердик моделдөө, табият кубулуштары, критикалык ой жүгүртүү*

Аннотация

В статье подробно рассматриваются возможности и методические особенности преподавания произведения Түгөлбая Сыдыкбекова «Боз торгой» в начальных классах с опорой на инновационные и STEM-технологии. Подчеркивается необходимость интегративного анализа художественного текста, выходящего за рамки традиционного предметного подхода. В исследовании показано, что применение компонентов STEM-

технологии в процессе анализа произведения способствует развитию критического мышления учащихся, формированию у них навыков научного объяснения природных явлений, умений инженерного моделирования и логической переработки информации. Обосновано, каким образом природные явления, поведение животных, наличие опасности и инстинкт самосохранения, представленные в произведении, создают условия для развития научного наблюдения, логического мышления, эмоционального восприятия и творческого потенциала младших школьников. С учетом того, что содержание «Боз торгой» тесно связано с природой и миром животных, его анализ с применением STEM-подхода способствует глубокому осмыслению событий, усилению эмоциональной отзывчивости и формированию таких нравственных качеств, как сострадание. Кроме того, рассматривается практическая значимость и педагогическая эффективность инновационных методов — создание мини-мультфильма, эмоциональных карт, инженерного моделирования. В заключение установлено, что STEM-технология является интегративным, результативным и современным подходом к обучению художественному тексту, способствующим формированию комплексных компетенций у учащихся начальной школы.

Ключевые слова: *STEM-технологии, нновационные методы обучения, начальная школа, художественный текст, произведение «Боз торгой», инженерное моделирование, природные явления, критическое мышление*

Annotion

The article provides an in-depth examination of the possibilities and methodological features of teaching Tügölbai Sydykbekov’s work “Boz Torgoi” *in primary school through innovative and STEM-based instructional approaches. It emphasizes the need for an integrative analysis of literary texts that goes beyond the boundaries of traditional subject-centered instruction. The study demonstrates that incorporating STEM components into the analysis of the literary work promotes the development of students’ critical thinking, their ability to scientifically explain natural phenomena, their skills in engineering modeling, and their logical reasoning. The article substantiates how the depiction of natural processes, animal behavior, danger, and self-preservation instincts within the story contributes to the development of scientific observation, logical reflection, emotional perception, and creative potential in young learners. Since the content of* “Boz Torgoi” *is closely connected with nature and the animal world, its analysis through STEM methods enables deeper comprehension of the events, enhances emotional responsiveness, and fosters moral qualities such as compassion. The practical significance and pedagogical effectiveness of innovative techniques—such as creating a mini-cartoon, using emotion cards, and constructing engineering models—are also discussed. The study concludes that STEM technology represents an integrative, effective, and modern approach to teaching literary texts, contributing to the formation of comprehensive competencies among primary school students.*

Annotion: *STEM technologies, innovative teaching methods, primary education, literary text, “Boz Torgoi” narrative, engineering modeling, natural phenomena, critical thinking*

Киришүү.

Заманбап билим берүү шарттарында окуучунун дүйнөнү ар тараптуу таанып-билүүсүн камсыз кылуу, логикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, табигый билимдерди интегративдүү формада берүү – негизги талаптардын бири. Акыркы жылдары педагогикада кеңири жайылып келе жаткан STEM технологиясы башталгыч класстарда гуманитардык предметтерди, өзгөчө адабий окууну өздөштүрүүдө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, окуучулардын интеллектуалдык ишмердүүлүгүн олуттуу деңгээлде күчөткөн натыйжалуу методдордун бири катары бааланууда. Учурда, башталгыч класстарда көркөм текстти окутуунун мазмунун жаңылоо, балдардын таанып-билүү кызыгуусун ойготуу, чыгармачыл жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү негизги маселелерден. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө билим берүүнүн интегративдүү моделдерине өтүү тенденциясы кеңири

жайылып, STEM технологиясы (Science, Technology, Engineering, Mathematics) башталгыч билим берүүнүн өзөк элементтеринин бири катары каралып жатат.

Билим берүүдөгү STEM-ык-амал – окутуунун долбоордук методу. Практикага багыт алууну, өздүк тажрыйбаларды, каталарды жана изилдөөлөрдү кеңири колдонууну карап, STEM аббревиатураларына бириктирилген, предметтердин табигый байланышына негизделген билим берүүнү уюштуруу. [1, 13-б] STEM технологиясы окуу процессин жандандырып, предметтер аралык мамилени чыңдап, окуучуларды изденүүгө, байкоого, моделдөөгө, логикалык ой жүгүртүүгө үйрөтөт. Өзгөчө адабий чыгармаларды талдоодо STEM технологиясын колдонуу окуучунун көркөм текстти кабыл алуу жөндөмүн гана кеңейтип тим болбостон, тексте сүрөттөлгөн окуяларды илимий, технологиялык жана инженердик көз караштан кароого шарт түзөт.

Ушул өңүттөн алып караганда, STEM технологиясы илим (Science), технология (Technology), инженердик моделдөө (Engineering) жана математика (Mathematics) менен айкалышкан интегративдүү окутуу модели болуп саналат. Бул модель аркылуу окутуу балдардын көркөм текстти кабыл алышына терең таасир этип, аларды ой жүгүртүүнүн жандуу, практикалык, изденүүчү формаларына багытап, мындай ыкмада окуучу чыгармадагы окуяны жөн гана окуп түшүнүү менен чектелбестен, анын себеп–натыйжа байланыштарын илимий жактан изилдөөгө, каармандардын аракеттерин инженердик логикада баалоого, тексттеги окуяларды диаграмма, таблица жана моделдер аркылуу кайра түзүүгө үйрөнөт. Көркөм текстти үйрөтүүдө STEM технологиясын колдонуу окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн, кызыгуусун жана чыгармачыл ойломун күчөтүүчү натыйжалуу ыкма болуп, анын маңызы предметтерди бөлүп эмес, тескерисинче бириктирип түшүндүрүүдө, ар бир окуяны илимий, инженердик, технологиялык жана математикалык көз караштан кароодо жатат. Бул ыкма башталгыч класстын балдарына өзгөчө таасир берет, анткени алар конкреттүү мисалдарды, байкоолорду, практикалык тапшырмаларды жакшы кабыл алууга жөндөмдүү келишет.

Материалдар жана изилдөө методдору. Бул макалада көркөм текстти окутууга арналган теориялык адабияттарды талдоо аркылуу баланын руханий жана адеп-ахлактык жактан өнүгүүсүндө көркөм тексттин орду жана таасири каралды. Айрыкча, STEM технологияларын интеграциялоо көркөм текстти кабыл алууну жандандырып, окуучунун ойлоосун, талдоо жөндөмүн, моделдөө жана маселени чечүү компетенцияларын өөрчүтө тургандыгы белгиленип, STEM ыкмаларына таянуу аркылуу көркөм текстти жаңыча түшүндүрүү, сюжеттик кырдаалдарды моделдөө, каармандардын аракетин анализдөө сыяктуу иш-аракеттер баланын чыгармачылык потенциалын, өз алдынча ой жүгүртүүсүн жана сынчыл кабылдоосун тереңдетүүгө өбөлгө түзөрү аныкталган.

Изилдөөнүн материалы болуп К.Акматов, С. Давлетов, С. Үсөналиев жана А.Мамытов ж.б. эмгектери болуп саналды.

Жыйынтыктары жана талкуулоо. Башталгыч класстарда адабий окуу сабагында көркөм тексттерди окутуу окуучулардын эстетикалык сезимдерин өнүктүрүп, алардын ой жүгүртүү, тилдик маданиятын жана дүйнө таанымын кеңейтүүдө маанилүү роль ойнойт. Л. С. Выготскийдин айтымында, «Көркөм адабият –бул адамдын руханий дүйнөсүн байытуу үчүн эң күчтүү каражат»-деп белгилейт. [2, с.204]

Адабий көркөм текст менен иштөө процесси ошол тексти окуу, түшүнүү жана талдоо баскычтарынан туруп, окуу ишмердүүлүгү менен чыгармачылык ишмердүүлүк биримдикте келип, окуучулардын индивидуалдуу жөндөмдүүлүктөрүн, дүйнөнү жана адамды таанып билүү аракеттерин активдештирип, адабий чыгарманы окууга кызыгуусун өнүктүрүүгө багытталууга тийиш. [3, 63-б]

С.Давлетовдун изилдөөлөрү боюнча текстти үйрөнүү багытындагы көнүгүүлөр аркылуу окуучулар төмөнкүдөй ишмердүүлүккө жетишет:

- теманы, анын чегин өзү ойлоп табат;
- негизги ойду аныктай алат;
- тексттин аталышын өзү атай алат;

- материалдарды жыйнайт, системалаштырат;
- стилин, речтин тибин аныктайт;
- тил каражаттарына талдоо бере алат;
- тексттин композициясын өзү аныктайт;
- акырында кемчилдиктерин өзү таап, өзү оңдойт (контролдук жазуу ишинде). [4, 32-б]

Каралып жаткан маселеге байланыштуу 2-класстын адабий окуу китебиндеги Т.Сыдыкбековдун “Боз торгой” аттуу чыгармасын STEM технологиясы аркылуу окутуп-талдоого аракет жасадым. Бул чыгарма башталгыч класстын окуучулары үчүн тилдик да, мазмундук да жактан жөнөкөй, терең, эмоционалдык баалуулукту камтыган текст. Анда кичинекей бала жаракат алган кушка мээрим менен кам көргөнү сүрөттөлөт. Чыгармада баланын табиятка болгон боорукер мамилеси, камкордугу, жаныбарлар дүйнөсүн түшүнө билүүсү жана жоопкерчиликтүү мамилеси чагылдырылган. STEM технологиясын колдонууда дал ушундай мазмундагы чыгармалар өтө ыңгайлуу, анткени чыгармада табигый кубулуштар, жаныбарлардын жүрүм-туруму, жылуулук, кыймыл, айыгуу процесси сыяктуу илимий түшүндүрүүгө мүмкүн болгон эпизоддор да, инженердик моделдөөгө жарактуу кырдаалдар да камтылган.

Түгөлбай Сыдыкбековдун “Боз торгой” чыгармасы башталгыч класстарда табиятка болгон мамилени тарбиялоочу, адам менен жаныбарлардын ортосундагы байланышты көрсөтө алган терең мазмундуу аңгеме. Чыгармада айыл турмушу, талаа иштери, жаныбарлардын тиричилиги, коркунучтан качкан торгойдун адамга келиши жана анын боорукерлик менен корголушу өтө жандуу сүрөттөлөт. Автордун “Биз дале боз адырда соко айдап жүргөн элек…” [5, 44-б] деп башталган эскерүүсүндө талаанын табияты, куштардын жашоо-турмушу, коркунуч алдында өзүн сактоо инстинкти, адам менен жаратылыштын өз ара байланышы көркөм тил менен берилген. Чыгармадагы *“торгойдун канаты кулагыма быр серпилип, өзү койнума бөгүп калды”* [5, 44-б] деген эпизод башталгыч класстын окуучуларында чоң эмоция жаратып, атүгүл боорукердик сезимин ойготууга жардам берет. Мына ушундай текстти STEM технологиясы менен талдоо – бул көркөм образды тереңдетип түшүндүрүү менен бирге, окуучуларга илимий жыйынтык чыгарууну, технологиялык байкоо жүргүзүүнү, инженердик моделдөөнү жана математикалык логиканы колдонууга мүмкүндүк берүүчү инновациялык ыкма болуп саналат.

Сабакты баштоо үчүн окуучуларга торгой жана талаа турмушу тууралуу алдын ала суроолор берилет. Алардын мурунку билимин активдештирүү STEM технологиясынын биринчи талабы болуп эсептелет, себеби балдар реалдуу турмуштагы көрүнүштөрдү текст менен байланыштырууга умтулат. Андан соң текстти окуу учурунда окуучулар “канаттын кыймылы”, “кыргыйдын чабуулу”, “майда куштардын жашоо күрөшү”, “адамдын коргоочу ролу” сыяктуу элементтерге өздөрү байкоо жүргүзө башташат.

Science багытынын мазмуну чыгармадагы жаныбарлар дүйнөсүн табигый илимдин жөнөкөй мыйзамдары аркылуу түшүндүрүүгө багытталат. Мисалы, *“Айдалган жерге кара чыйырчык, карга, таан жабыла конот. Андан курт издешет.”* [5, 44-б] деген сүйлөмдөн окуучуларга “Эмне үчүн айдалган жерге куштар көп келет?” деген суроо берилет. Мунун себеби — жер айдалганда анын үстүңкү катмары жылыйт, нымдуулугу жогорулайт, курт-кумурскалар жер бетине чыгат. Куштар табият мыйзамы боюнча ошол жерге чогулат. Бул жөнөкөй түшүндүрмө окуучуларга табияттагы себеп-натыйжа байланышын байкоону үйрөтөт.

Андан кийин *“кыргый качырыптыр”* деген эпизодду талдоодо мугалим жырткыч куш менен майда куштун физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө токтолот: кыргыйдын көзүнүн көрүүсү курч, тырмактары күчтүү, аңдып чаап алуучу мүнөзгө ээ; ал эми торгой болсо кичинекей, коргонууга алсыз, үнү менен гана коркунучка жооп кайтара алат; мында окуучулар эки куштун мүнөзүн салыштырышып, алардын айырмачылыктарын аныктай

алышат. Ошондой эле *“Эти ысып, кипкичине жүрөгү тез-тез сокконун колум сезди”* [5, 45-б] деген сүрөттөөдөн окуучуларга “эмне үчүн коркконду жүрөк тез согот?” деген жөнөкөй биологиялык түшүндүрмө берилет. Бул жерде организмдин коркунучка реакция кылып, кан айлануу ылдамдай турганын түшүндүрүү жетиштүү.

Technology багыты чыгармадагы көрүнүштөрдү санарип материалдары менен ырастап же салыштырууга болот. **Санарип жардамчы каражаттарды колдонууда, мисалы:**

- Торгойдун үнүн аудио аркылуу угузуу
- Кыргыйдын учуу траекториясы жөнүндө видео көрсөтүү
- Сюжеттик карта түзүү (интерактивдүү)
- QR-код аркылуу да кошумча маалыматтарды алууга болот.

Мисалы, торгойдун жана кыргыйдын үндөрүн аудио аркылуу уктуруп, балдарга “чыгармадагы торгой кандай үндү чыгарган?” деген суроону койсок. Ошондой эле видеодон “кыргыйдын чабуул коюу ыкмасы” деген океанариум же документалдуу сюжетти көрсөтүп, окуучуларга: “Эми бул көрүнүштү чыгармадагы окуя менен салыштырып көргүлө” деген тапшырма берсе болот. Балдар кыргыйдын ылдамдыгын, учуп келүү траекториясын, торгойдун качуу аракети кантип сүрөттөлгөнүн байкап, текст менен реалдуу көрүнүштүн ортосундагы байланышты табышат. Чыгармадагы *“кыргый мага тие жаздап, кайра зып кайыды”* [5, 45-б] деген сүйлөмдү балдар “кыргыйдын учуу багыты кантип өзгөрдү?” деген технологиялык суроо менен түшүнүшөт. Санарип картада окуянын жүрүшүн схема кылып интерактивдүү түзүү — бул технологияны адабиятка интеграциялоонун натыйжалуу жолу.

Engineering багыты чыгармадагы эң кызыктуу эпизоддордун бирине — торгойдун коргонуу аракетине — таянып жүргүзүлөт. **Модел түзүү жана долбоорлоо иштерин уюштурууга болот.** Чыгармадагы негизги көйгөй — торгойдун коркунучтан качышы. Окуучуларга төмөнкү долбоордук тапшырмалар берилет:

- “Торгой үчүн коопсуз уя” моделин жасоо
- Талаанын мини-макетин түзүү
- Кыргый–торгой багытын көрсөтүүчү макет.

Топтор менен иштөө үчүн окуучуларга тапшырма: “Торгой үчүн коопсуз жайды кантип ойлоп тапса болот?” деген инженердик көйгөй берилет. Алар картондон уянын моделин жасашы мүмкүн, айрымдары торгойду кыргыйдан коргоочу “чакан баш калкалоо” моделин ойлоп таап, кээ бирлери талаанын мини-макетин түзүп, торгойдун учуу багытын жана кыргыйдын кайдан келерин көрсөтө алат. Балдардын долбоордук иштеринин ар биринде чыгармадагы эпизод менен байланыштыруу жүргүзүлөт. Маселен, модель коргоодо “баш калканын үстүн чым менен жаап коёбуз, себеби торгой талаада жашайт; жанына бутагы бар кичинекей бутак коюп, торгой коркунучтан үстүнө чыга качып жашына алат” деген сыяктуу түшүндүрмөлөр STEM технологиясынын максатын аткарат. Чыгармадагы образ инженердик жашоо логикасы менен айкалышат жана бул ыкма окуучунун конструктивдүү ой жүгүртүүсүн өстүрөт.

Mathematics багыты тексттеги окуяларды (эпизоддорду) ырааттуу, логикалык структурага келтирүүгө арналат. Окуучулар окуянын этаптарын схемалаштырып, ар бир аракетти сандар менен белгилешет. **Окуяны логикалык жана сандык моделдөө:**

- Окуялардын ырааттуулугун диаграммага салуу;
- “Канча куш келди?”, “Канча аракет болду?” деген сандык эсептер;
- Торгойдун качуу жолун багыттык сызык менен көрсөтүү.

Ммематикалык ой жүгүртүү тексттеги окуяларды жана эпизоддорду системалуу түшүнүүгө жардам берет. Ошол эле учурда бул багытта **«Кыска мультфильм түзүү же мини–сториборд / комикс** ***(мини–сториборд / комикс.*** *Бул* ***көркөм тексттеги окуяны сүрөттөр жана кыска сүйлөмдөр аркылуу ырааттуу баяндоо ыкмасы. О****куяны кадр-кесимдерге бөлүп, ар бирине сүрөт жана мазмун берүү****)* **ыкмасын колдонуу да максатка**

ылайыктуу. Мында окуучулар чыгармадагы окуяны 6 кадрга бөлүп, ар бирине сүрөт жана бир сүйлөм менен мини–мультфильм түзүшөт. Мисалы:

1. Талаада соко айдоо
2. Куштардын келиш
3. Кыргыйдын чабуулу
4. Торгойдун жашынышы
5. Адамдын боорукер мамилеси
6. Торгойдун эркин учуп кетиши

Бул ыкма визуалдаштырууну, чыгармачылыкты жана логикалык ишти айкалыштырат. Балдар бул этаптарды туура жайгаштырып, окуянын логикасын түшүнүшөт. Ошондой эле “эгер талаада 5 чыйырчык, 3 карга, 2 торгой болсо — жалпы 10 куш болот” деген сыяктуу чыгармага байланышкан турмуштук эсептерди берсе да болот. 2-класстын окуучуларына математиканын ушундай жеңил формалары текстти сюжеттик чынжырга келтирүүгө жардам берет.

Мындай STEM технологиясы менен талдоо окуучуларга текстти терең түшүндүрөт. Алар көркөм образды илимий түшүнүк, технологиялык байкоо, инженердик моделдөө жана логикалык эсеп менен байытып, текстти өздөрү “көзү менен көргөндөй” кабыл алышат. Ошондой эле чыгармадагы *“жазыксыз көзү мөлтүр, аянычтуу”, “жүнү жуп-жумшак”, “эркинче учуп кетти”* деген саптарды балдар сезим менен кабыл алуу менен бирге, анын физикалык жана табигый жактарын да анализдеп үйрөнүшөт. Бул — STEM технологиясынын адабият менен интеграцияланган эң күчтүү натыйжасы.

Негизинен көркөм тексттерди балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карап тандап алгандан соң аларды окутуунун ыкмаларына да терең маани беришибиз керек. Анткени, туура тандалган көркөм тексттерди натыйжалуу окутуу окуучулардын адабиятка болгон кызыгуусун арттырып, алардын текстти терең кабыл алуусуна, түшүнүүсүнө жана ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзөт. Эгерде окутуунун ыкмалары балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана тексттин мазмунуна туура келбесе, окуучулар текстке кызыгуусун жоготуп, сабакка болгон мотивациясы төмөндөшү мүмкүн [6].

“Мугалим жөн эле билимди айтып берген адам болбостон, окуучуларга билимди өз алдынча изилдеп табууга шарт түзгөн жетекчи жана фасилитатор катары иштейт. Ал сабактын ар бир баскычында окуучуларды кызыктырып, ой жүгүртүүгө түрткү берип, алардын суроолоруна жооп издөө процессин уюштурат” [7, 22-б] деген мурунку макаладагы оюмду толуктап, мугалим бүгүнкү күндө жөн гана маалымат берүүчү эмес, тескерисинче окуучуну өз алдынча изденүүгө, суроо берип, жооп табууга үйрөтө турган багыт берүүчү жетекчи болушу керек. Мугалим сабактын ар бир этабында окуучунун ойлонуусуна түрткү берип, алардын кызыгуусун ойготуп, изилдөө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзгөндө гана чыныгы таанып-билүү процесси ишке ашат.

Башталгыч класста “Боз торгой” аңгемесин окутууда сабактын натыйжалуу болушуна STEM технологиясынан башка да бир топ ыкмалар өз жемишин берет. Мисалы:

1. ***“Эмоция карталары” ыкмасы (сөз → сезимге). Окуучуларга эмоция*** пиктограммалары берилет. (Сабагындын соңунда рефлексия учурунда колдонсо болот.) Суроо:

- Торгой баланын койнуна киргенде силерде кандай сезим пайда болду?
- Торгой учуп кеткенде эмнени сездиңер?

Балдар эмоцияны белгилейт: ☹ — коркуу, ☺ — кубаныч, 😯 — таң калуу. Мунун максаты — **эмоционалдык интеллект** жана текстти “сезүү”.

2. «Драмалаштыруу». Чыгармадагы эпизоддорду ролго бөлүп аткаруу (Автор, Торгой, Кыргый).

3. «Кыргыйдын көзү менен» талдоо. Окуучулар окуяны жырткыч куштун көзү менен айтып беришет — көп бурчтуу ой жүгүртүү.

4. «Торгойду коргоо планы» долбоору. Окуучулар топтордо “кантип сактап калса болмок?” деген инженердик чечимдерди сунушташат.

Жыйынтык. Ошентип, Түгөлбай Сыдыкбековдун “Боз торгой” чыгармасын 2-класста STEM технологиясы аркылуу талдоо – бул текстти жөн гана окуп, анын мазмунун кайра айтып берүү гана эмес, аны **илимий жактан түшүндүрүп, санариптик каражат менен байытып, инженердик моделдер аркылуу тирилтип, математикалык ой жүгүртүү менен системалаштыруу** болуп саналат. Изилдөө көрсөткөндөй, STEM технологиясы көркөм чыгарманы интегративдүү негизде үйрөтүүгө мүмкүндүк берип, окуучулардын төмөнкү компетенцияларын өнүктүрөт:

- табият кубулуштарын байкоо жана илимий түшүндүрүү жөндөмү;
- себеп–натыйжа байланыштарын аныктоо;
- инженердик ой жүгүртүү жана моделдөө көндүмдөрү;
- сандык жана логикалык анализ жүргүзүү жөндөмү;
- чыгармачылык активдүүлүк жана эмоциялык интеллект;
- боорукерлик, жоопкерчилик жана экологиялык маданият сыяктуу инсандык сапаттар.

Жыйынтыгында, “Боз торгой” чыгармасын STEM технологиясы менен талдоонун инновациялык ыкмалары башталгыч класстын окуучуларында табиятты баалоо, боорукер болуу, жылуу мамиле кылуу сыяктуу адамдык сапаттарды калыптандырып гана койбостон, аларды илимий багытта ой жүгүртүүгө, технологияны түшүнүүгө, инженердик кылдаттыкка жана логикалык анализге үйрөтөт. STEMдин адабият сабагына интеграциясы балдардын окууга болгон кызыгуусун күчөтүп, чыгарманы терең кабыл алуусуна шарт түзөт. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде башталгыч класстарда адабий окуу сабагында көркөм текстти STEM технологиясы аркылуу талдоо окуу процессинин мазмунун жаңылоого жана окуучунун комплекстүү өнүгүүсүнө өбөлгө түзөрү аныкталды. Т.Сыдыкбековдун “Боз торгой” чыгармасын STEM ыкмасы аркылуу окутуу окуучулардын текстти жөн гана түшүнүп окуу деңгээлинен чыгып, аны илимий, технологиялык, инженердик жана логикалык өңүттөн талдоосуна шарт түздү. STEM багыттары (Science, Technology, Engineering, Mathematics) көркөм тексттин мазмуну менен айкалышкан учурда окуучу окуяны көп кырдуу кабыл алып, билимди практика менен байланыштыра алат. Айрыкча мини-мультфильм түзүү, эмоция карталары, санарип ресурстарды колдонуу, инженердик моделдөө сыяктуу иш-аракеттер окуучулардын кызыгуусун арттырып, активдүү окутуу чөйрөсүн түзөт.

Изилдөөнүн жыйынтыгы STEM технологиясы гуманитардык сабактарда да натыйжалуу колдонулуп, адабий окууну заманбап билим берүү талаптарына ылайык жаңылоонун эффективдүү жолу экендигин далилдейт. Бул ыкма башталгыч класстын окуучуларында функционалдык сабаттуулукту, сынчыл ой жүгүртүүнү жана интегративдүү билимди калыптандырууда маанилүү педагогикалык ресурс болуп саналат.

Колдонулган адабияттар:

1. Мамытов А. Кыргызстандын мектептик жана мектептен тышкаркы кошумча билим берүүсүндөгү STEM – билим берүү. – Б.:2025. -240 б.
2. Выготский, Л. С. Психология искусства.–Москва: Искусство, 1987.
3. Акматов , К., Мамырова, А. (2023). Теоретические основы понятия «художественный текст». Вестник Ошского государственного университета, (1), 60–67.
4. Давлетов С. Байланыштуу речь. [Текст]/ С.Давлетов. –Б.: 1999.

5. Абдухамидова Б.А. ж.б. Адабий окуу: кыргыз орто мектепетринин 2-кл. Үчүн окуу китеби. / Б.А.Абдухамидова, С.К.Рысбаев, К.И.Ибраимова. Толук., 2-бас. –Б.:Билим-компьютер, 2018. -184 б.
6. Теңишова, К. (2025). Значение преподавания художественных текстов в начальной школе по литературе. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 2(1(25), 155–161.
7. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. 5-бас. [Текст]/ Үсөналиев С., Иманалиев С. –Б.:2004.
8. Акматова, Ч. (2025). Значение модели 5е в успешном освоении знаний учащимися. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 1(2), 17–23.

УДК: 372.4:372.3:053.4

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КЕБИН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАР АРКЫЛУУ «МУНУ БИЛ» ЧЫГАРМАСЫН ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Акматова Чынара Асановна п.и.к.,доцент
ORCID: 0009-0009-7645-9137
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
a.chynara79@gmail.com

ОСОБЕННОСТИ ОБУЧЕНИЯ ПРОИЗВЕДЕНИЮ «МУНУ БИЛ» ЧЕРЕЗ ДИДАКТИЧЕСКИЕ ИГРЫ В РАЗВИТИИ РЕЧИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

Акматова Чынара Асановна п.и.к.,доцент
ORCID: 0009-0009-7645-9137
Ошский государственный педагогичский университет

FEATURES OF TEACHING THE LITERARY WORK “MUNU BIL” THROUGH DIDACTIC GAMES IN DEVELOPING THE SPEECH OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

Akmatova Chynara Asanovna, PhD in Pedagogy
ORCID: 0009-0009-7645-9137
Osh State Pedagogical University
a.chynara79@gmail.com

Аннотация

Макалада Самидин Токтосуновдун “Муну бил” аттуу көркөм тексти башталгыч класстарда дидактикалык оюндар аркылуу окутуп-талдоонун окутуунун теориялык негиздери жана практикалык мүмкүнчүлүктөрү ар тараптуу талданат. Изилдөөнүн негизги максаты – дидактикалык оюндарды колдонуу аркылуу окуучулардын кебин өнүктүрүүнүн натыйжалуу жолдорун аныктоо жана текстти окутууда оюн технологияларынын ролун көрсөтүү. Макалада башталгыч класстын окуучуларынын угуу, түшүнүү, байкоо жүргүзүү, сүрөттөө, салыштыруу, диалог түзүү жана монологдорду калыптандыруу сыяктуу тилдик компетенциялардын өнүгүүсүнө оюндар кандай таасир этери илимий негизде талданат. “Муну бил” текстинде жаныбарлардын үнү, кыймылы